Долбоор

**«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Аба кодексине, Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

**1-берене**

Кыргыз Республиксынын Аба кодексине (2015-жылдын 1-сентябрдагы «Эркин Тоо» газетасынын редакциясына ылайык, №83-8) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-беренеде:

а) 1-бөлүгүндөгү «Авиациялык эрежелеринен» деген сөздөрдөн кийин «Аба мейкиндигин колдонуу эрежелеринен» деген сөздөр менен толуктalсын;

б) 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсы;

в) кийинки мазмуундагы 3-бөлүгү менен толуктalсын:

«3. Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин колдоонуу эрежелери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары болуп саналат, алар Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин мамлекеттин улуттук, экономикалык коопсуздугунун, эгемендигин коргоонун, калктын коопсуздугунун, конституциялык түзүлүштү коргоонун, коомдук тартиптин жана кылмыштуулукка каршы күрөшүүнүн кызыкчылыктарында пайдалануунун тартибин аныктайт».

2) 4-беренеде:

а) 1-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«1. Ушул Кодекстин жоболору жарандык авиациянын ишинин бардык түрлөрүн, ыйгарым укуктуу органдын функцияларын жана милдеттерин, аба кемесин эксплуатациялоо, аба мейкиндигин пайдалануу жол-жоболорун жана Кыргыз Республикасынын аэронавигациялык тейлөөсүн камсыз кылууну жөнгө салат»;

б) 2-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«2. Ушул Кодекстин жоболору Кыргыз Республикасынын территориясындагы бардык жарандык аба кемелерине карата, ошондой эле эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, кайсыл жерде болбосун Кыргыз Республикасында катталган бардык жарандык аба кемелерине карата колдонулат».

3) 5-берененин 3-бөлүгүндөгү «багыттагы» деген сөздөн кийин «(коммерциялык эмес)» деген сөздөр менен толуктalсын.

4) 6-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«6-берене. Ушул Кодексте пайдаланылуучу терминдер жана аныктамалар

Ушул Кодексте жана анын негизинде чыгарылган колдонмолордо колдонулуучу бардык техникалык терминдер жана сөз айкаштары алардын эл аралык адаттагы колдонулушуна жана Кыргыз Республикасында кабыл алынган жарандык авиациянын эл аралык уюмунун Эл аралык стандарттарында камтылган аныктамаларга ылайык чечмеленет».

5) 7- бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«7-берене. Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик органы

1. Ушул Кодекске ылайык Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик органы, Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик саясатты, жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – жарандык авиация органы) болуп эсептелет.

2. Жарандык авиация органы ушул Кодексти жана жарандык авиация жаатындагы башка мыйзамдарды жана эл аралык макулдашууларды аткаруу үчүн жооптуу адистештирилген администрациялык орган болуп саналат.

3. Ушул Кодекстин жана жарандык авиация жаатындагы башка тиешелүү мыйзамдардын же эл аралык макулдашуулардын алкагында жарандык авиация органы администрациялык чечимдерди кабыл алууга жана жарандык авиациянын ишине тиешеси бар башка уюмдарга, жеке жана юридикалык жактарга карата эрежелерди, колдонмолорду, нускамаларды, стандарттарды жана башка ченемдик актыларды колдонууга укуктуу».

6) 8-берене күчүн жоготту деп табылсын.

7) 9- берене күчүн жоготту деп табылсын.

8) 10-берене кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«10-берене. Жарандык авиация органынын ыйгарым укуктары

1. Жарандык авиация органынын функциялары жана милдеттери:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, аба транспорту жаатындагы мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин алкагында жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

2) жарандык авиация жаатын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, аба кемелеринин учууларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарынын талаптарын сактоо;

3) учуулардын коопсуздугу боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

4) жарандык авиация тармагында мамлекеттик стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

5) жарандык авиация жаатындагы эл аралык уюмдарда Кыргыз Республикасынын атынан чыгуу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, жарандык авиациянын ишинин маселелери боюнча макулдашууларга кол коюу;

6) аба мейкиндигин колдонуудагы жол-жоболорду жөнгө салуу, уруксат берүү жана тыюу салууларды жана чектөөлөрдү белгилөө;

7) тийиштүү мамлекеттик органдар менен бирдикте жарандык жана мамлекеттик аба ташууларын координациялоону жүзөгө ашыруу;

8) жарандык авиацияны мыйзамсыз кийлигишүү актыларынан коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу;

9) Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын 37-беренесине ылайык кабыл алынуучу жарандык авиациянын эл аралык уюмунун стандарттары жана сунушталуучу тажрыйбалары менен максималдуу бир түрдүүлүктү камсыз кылуу үчүн авиация жаатында авиациялык эрежелерди жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу. Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы авиациялык эрежелерин жана башка ченемдик укуктук актыларын жарандык авиациянын эл аралык уюмунун стандарттары жана сунуштаган тажрыйбалары менен бир түрдүүлүктү камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда, жарандык авиация органы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын 38-беренесине ылайык жарандык авиация жаатында эл аралык стандарттар менен белгиленген ошол ченемдери менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ортосундагы айырмачылыктар тууралуу Жарандык авиациянын эл аралык уюмун кабарлоо;

10) жарандык авиациянын бардык эксплуатанттарынын, уюмдарынын жана ишканаларынын ушул Кодекске, ага ылайык чыгарылган стандарттарга жана эрежелерге, ошондой эле алардын башка мамлекеттер менен макулдашууларына ылайык келишине карата алардын ишине туруктуу көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

11) Кыргыз Республикасынын территориясында учууларды жүргүзгөн башка мамлекеттердин аба кемесин жана экипаж мүчөлөрүн инспекциялоо;

12) Кыргыз Республикасынын Жарандык аба кемелеринин реестрин жүргүзүү;

13) Кыргыз Республикасынын Жарандык аэродромдорунун реестрин жүргүзүү;

14) жарандык авиациянын ишинин бардык түрлөрүнө сертификаттарды, уруксаттарды, күбөлүктөрдү жана лицензияларды берүү, таануу, узартуу, токтото туруу, жокко чыгаруу;

15) учууга жарактуулугунун сертификаттарын берүү;

16) авиациялык персоналга күбөлүктөрдү берүү жана таануу;

17) Кыргыз Республикасынын территориясындагы авиациялык кырсыктарга жана инциденттерге териштирүү жүргүзүү жана Кыргыз Республикасында катталган же Кыргыз Республикасынын эксплуатанты тарабынан эксплуатацияланган аба кемелерине тиешеси бар башка мамлекетте мындай териштирүүлөрдү жүргүзүүгө катышуу;

18) Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын кызматкерлерин даярдоонун окуу программаларын макулдашуу;

19) коммерциялык ташуулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрүн көрсөтүүгө уруксаттарды берүү жана учуулардын жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон мындай ташууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырууга талаптарды түзүү;

20) сунуш кылынган аба ташууларын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн эксплуатанттын зарыл болгон техникалык, финансылык жана башка мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

21) жарандык авиация ишин жана өндүрүштүк учуунун бардык түрлөрүнө жарандык авиация органы тарабынан бекитилген жол-жоболорго ылайык тыюу салуу, жокко чыгаруу, убактылуу токтотуу же өзгөртүү, эгерде алар учуулардын коопсуздугуна жана авиациялык коопсуздукка коркунуч келтирсе же белгиленген эл аралык стандарттарга жана эрежелерге ылайык келбесе,

22) Кыргыз Республикасынын аэронавигациялык маалыматтар жыйнагын чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын аба трассаларынын жана аба линияларынын тизмесин бекитүү;

23) Кыргыз Республикасынын авиациялык технологиялар, аба кемелерин эксплуатациялоо, аэродромдор жана жарандык авиациясынын авиациялык персоналы жөнүндө статистикалык маалыматтарды, отчетторду, документтерди жана башка маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу;

24) аба транспортунун зыяндуу таасиринен айлана-чөйрөнү коргоо жана коргоо жаатындагы мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү;

25) аэронавигациялык тейлөө жана Кыргыз Республикасынын аэропортторунда жана аэродромдорунда тейлөө үчүн алынуучу тарифтерди макулдашуу;

25) Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясын өнүктүрүү жаатына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

27) чет өлкөлүк авиаишканалардын өкүлчүлүктөрүн аккредитациялоо;

28) жарандык авиациянын ишин жөнгө салууга тиешелүү башка ыйгарым укуктарды жана функцияларды мезгил-мезгили менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси боюнча жүзөгө ашыруу» баяндалсын.

2. Жарандык авиация органы белгиленген компетенциясынын чегинде эл аралык органга, юридикалык жана жеке жактарга жарандык авиациянын эл аралык уюмунун стандарттарын жана сунуш кылынган практикасын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, стандарттарын жана эрежелерин аткаруу боюнча ыйгарым укуктарды бере алат. Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мындай жактардын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу чөйрөсүн жана ыкмасын белгилейт, ар кандай корутундулар жарандык авиация органы тарабынан бекитилүүгө тийиш.

3. Мамлекеттик аба кемелеринин учууларынын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздугун камсыз кылууну жөнгө салуу жана көзөмөлдөө үчүн жоопкерчилик Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик органдарына жана ушул мамлекеттик аба кемелери карамагында турган ведомстволорго жүктөлөт.

4. Кыргыз Республикасында жарандык авиация тармагында иштеген бардык жеке жана юридикалык жактар жана уюмдар жарандык авиация органы тарабынан чыгарылган бардык эрежелерди жана/же колдонмолорду сактоого, жарандык авиация органынын буйругуна баш ийүүгө жана ага талап кылынган маалыматтарды жана документтерди берүүгө, ошондой эле жарандык авиация органынын кызмат адамдарына кайсы убакта болбосун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү бардык маалыматтарга, документтерге, аба кемелерине, объекттерге, жабдууларга жана зоналарга жетүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

5. Эгерде бул коомчулуктун кызыкчылыгында зарыл деп эсептесе жана Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын коопсуздугуна коркунуч келтирбесе, граждандык авиация органы ушул Кодексте белгиленген кайсы болбосун Эреженин же стандарттын талаптарын аткаруудан бошотууга укуктуу.".

6. Авиациялык кокустуктарды сертификациялоо, көзөмөлдөө жана иликтөө боюнча өзүнүн милдеттерин аткаруу үчүн жарандык авиация органы башка органдарды уюштурууга/түзүүгө жана өз функцияларын аткарууну алардын ортосунда милдеттерди так бөлүштүрүү менен аларга өткөрүп берүүгө укуктуу. Мындай органдардын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен белгиленет».

9) 11-берене кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«11-берене. Башка келишим түзүүчү мамлекеттер тарабынан берилген документтерди таануу

1. Сертификаттарды, лицензияларды, бекитүүлөрдү, уруксаттарды, квалификациялык белгилерди жана башка документтерди таануу, эгерде алар Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринин окшош эрежелер боюнча берилсе, автоматтык түрдө жүзөгө ашырылат

2. Зарыл текшерүүнүн көлөмү жана таанууда документтерди берүү Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен аныкталат».

10) 12-беренеде:

2-бөлүгүндөгү «2-6 пункттарында» деген цифралар жана сөз «2-пунктунда» деген цифра жана сөз, «Өксмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген создөргө алмаштырылсын.

11) 13-беренеде:

а) 1-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүгүндөгү «өз алдынча юридикалык жак болуп саналат жана» деген сөздөр алынып салынсын;

в) 3-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын;

г) 6-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

12) 14-берененин 2-бөлүгүнүн 4-пунктундагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

13) 16-беренени 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

14) 21-берене кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«21-берене. Учкучсуз учуучу аппараттар

1. Учкучсуз учуучу аппараттар жарандык авиация органынын уруксатынын негизинде Кыргыз Республикасынын аймагынын үстүнөн учууларды аткарат.

2. Учкучсуз учуучу аппараттардын Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде учуу эрежелери пилоттук аба кемелери менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен аныкталат.

Кыргыз Репсубликасынын
Министрлер Кабинетине караштуу
Жарандык авиаиция мамлкеттик
агенттигинин директорунун Д.К. Бостонов «_____»____________2023 ж.

3. Тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген коргоолучу объекттердин үстүнөн учкучсуз учуучу аппараттардын учуулары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы менен макулдашылат».

15) 24-берененин 1-бөлүгүнүн 8-пунктундагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

16) 28-берененин 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

17) 34-берененин бардык бөлүгүндөгү ар түрдүү жөндөмө формаларындагы «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

18) 36-беренеде:

а) 3-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«3. Каттоо жөнүндө сертификат берүү, Кыргыз Республикасынын аба кемелеринин реестрин жүргүзүү, мамлекеттик таануу белгилерин пайдалануу, аба кемени каттоодон чыгаруу Кыргыз Республикасынын тиешелүү Авиациялык эрежелери менен белгиленет» баяндалсын;

б) 5-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

19) 37-берене күчүн жоготту деп табылсын.

20) 38-берене күчүн жоготту деп табылсын.

21) 39-берене күчүн жоготту деп табылсын.

22) 40-берене күчүн жоготту деп табылсын.

23) статью 46-берене кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«46-берене. Радиотехникалык жабдуулар, фотоаппарат жана бийик сезгич дистанциялык аппаратура

1. Аба кемесинин бортунда орнотулган радиотехникалык каражаттар тиешелүү уруксаты болгондо пайдаланылат. Аба кемесинин радиотехникалык жабдууларынын ишине кандайдыр бир тоскоолдуктарды жаратууга тыюу салынат.

2. Аэрофотосүрөткө тартуунун ар кандай аппаратурасы жана бийик сезгич дистанциялык аппаратурасы аба кеменин бортуна орнотулушу жана аба мейкиндигинде жеке ыйгарым укуктуу жарандык авиациянын органынын уруксаты менен жана ушул уруксаттын шарттарына ылайык эксплуатацияланат».

24) 47-берененин 2-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

25) 9- главанын аталышындагы «жана анын бөлүктөрүн» деген сөздөр алынып салынсын.

26) 49-беренеде:

а) 2-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«2. Кыргыз Республикасынын Жарандык аба кемелеринин реестринде катталган бардык аба кемелери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде аныкталган шарттарга ылайык учууга жарактуулугун сактоого карата мезгил-мезгили менен текшерилип турууга тийиш. Текшерүү процессинде шарттарга ылайык келбегендиги аныкталса учууга жарактуулук сертификатынын колдонулушу Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине ылайык токтотулуп же жокко чыгарылат»;

б) 3-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«3. Аба кеменин, анын курамдык бөлүктөрүн жана комплекттөөчүлөрүн (компоненттерин) техникалык тейлөө, модификациялоо Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле аба кеменин белгилүү тибин чыгаруучунун техникалык шарттарына ылайык жүргүзүлөт».

27) 50-берененин 1-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«1. Аба кемелеринин курамдык бөлүктөрүн жана комплекттөөчүлөрүн (компоненттерин) техникалык тейлөө, техникалык тейлөө боюнча бекитилген уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Учууга жарактуулугун сактоо, учууга жарактуулугун сактоо боюнча уюмдар тарабынан ишке ашырылат. Техникалык тейлөө боюнча уюмдарды бекитүү жана учууга жарактуулугун сактоо боюнча уюмдарды сертификациялоо жана аларга талаптар Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде белгиленет».

28) 51-берене кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«51-берене. Аба кемесин техникалык тейлөө программасы

Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде каралган тартипте аба кеменинин ар бир тиби жана модели үчүн аба кеменинин эксплуатанты тарабынан даярдалган техникалык тейлөөнүн бекитилген программасына ылайык аба кеменинин курамдык бөлүктөрүн жана комплекттерин (компоненттерин) техникалык тейлөөнүн бардык түрлөрү белгиленет».

29) 52-берененин 2-бөлүгүндөгү «чектелген» деген сөз алынып салынсын.

30) 54-берененин 2-бөлүгүндөгү «жарандык авиация органы» деген сөздөрдөн кийин «же учууга жарактуулукту сактоо боюнча уюмдары» деген сөздөр менен толукталсын.

31) 55-берененин 1-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

32) 56-беренеде:

а) берененин аталышы кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«Учуулардын коопсуздугу боюнча мамлекеттик программа»;

б) 1-бөлүгүндөгү «Учуулардын коопсуздугунун өкмөттүк программасы» деген сөздөр «Учуулардын коопсуздугу боюнча мамлекеттик программа» деген сөздөргө алмаштырылсын.

33) 57-берененин бардык текстиндеги «Учуулардын коопсуздугунун өкмөттүк программасы» деген сөздөр «Учуулардын коопсуздугу боюнча мамлекеттик программа» деген сөздөргө алмаштырылсын.

34) 59-беренедеги «кызматкердин күнөөсүнө далилдер болгон учурларды кошуп албаганда» деген сөздөр алынып салынсын.

35) 62-берене күчүн жоготту деп табылсын.

36) 65-беренеде:

а) 3-бөлүгүндөгү «тастыктаманын» деген сөздөр «уруксат берүүнүн» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

б) 11-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

37) 67-берененин 2-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

38) 68-берененин3-бөлүгүнүн 1-пунктундагы «аэродромдун» деген сөздөрдөн кийин «вертодромдун, конуу аянтчанын» деген сөздөр менен толукталсын.

39) 72-берененин 1-бөлүндөгү «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет» деген сөздөр «Кыргыз Репсубликасынын Авиациялык эрежелеринде аныкталат» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

40) 75-берененин 3-бөлүгүндөгү «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган» деген сөздөр «жарандык авиация органы» деген сөздөрү менен алмаштырылсын.

41) 79-беренеде:

а) берененин аталышындагы «же квалификациялык белгилерин» деген сөздөр алынып салынсын.

б) 1-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«1. Эгерде инспекция авиациялык персоналдын күбөлүгүнүн ээси аба транспортунда белгиленген эрежелерди, жол-жоболорду сактабагандыгын же коопсуздукка коркуныч

туудургандыгын аныктаса, жарандык авиация органынын инспектору аны авиациялык персоналдын күбөлүгүндө каралган ишти аткаруудан четтетүүгө укуктуу».

42) 80-беренеде:

а) кийинки мазмундагы 2-1 бөлүгү менен толукталсын:

«2-1. Авиация персоналы оорудан, жаракаттан, чарчоодон жана башка себептерден улам физикалык жана акыл-эс жөндөмдөрү төмөндөп бараткандыгын сезсе, өз милдеттерин аткаруудан баш тартышы керек»;

б) кийинки мазмундагы 2-2 бөлүгү менен толукталсын:

«2-2. Алкоголь, баңги заттар жана башка психостимуляциялоочу заттар сыяктуу психотроптук заттардын таасиринин таасири астында учууларды өндүрүү же тейлөө менен байланышкан милдеттерди аткарууга тыюу салынат»;

в) 4-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

43) 83-беренени кийинки мазмундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«83-берене. Аба кемесинин экипаж мүчөлөрүнүн жарандыгы

1. Кыргыз Республикасынын жарандык аба кемелеринин экипажынын курамына Кыргыз Республикасынын жарандары кирет.

2. Кыргыз Республикасынын авиакомпанияларынын жарандык аба кемелеринин экипажынын курамына, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ичинен авиациялык персонал жок болгон учурда, чет мамлекеттердин жарандары кириши мүмкүн. Чет өлкөлүк жарандарга экипаждын мүчөсү катары уруксат берүү эрежелери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде белгиленет».

44) 86-беренин 4-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

45) 89-берененин 2-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

46) 90-берененин 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

47) 94-берененин бардык тексти боюнча ар түрдүү жөндөмө формаларындагы «уруксат» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «макулдашуу» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

48) 98-берененин 1-бөлүгүндөгү «аэродромдун эксплуатанты» деген сөздөрдөн кийин «аэродромдун аймагында иш жүргүзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар» деген сөздөр менен толукталсын.

49) 102-берененин 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

50) 107-берененин 4 жана 5 бөлүктөрү күчүн жоготту деп табылсын.

51) 108-берене  күчүн жоготту деп табылсын.

52) 109-берененин 2-бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

53) 110-берененин 1-бөлүгү кийинки мазмундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«1. Жарандык авиация уюмдары жана башка мамлекеттик органдар авиациялык иштин натыйжасында келип чыгууга жөндөмдүү болгон авиациялык ызы-чуудан жана тышкы факторлорго байланыштуу, кыймылдаткычтардан чыгуусунан айлана-чөйрөнү коргоо боюнча чараларды көрүшөт».

54) 122-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

55) 134-беренени кийинки мазмундагы 5-бөлүгү толукталсын:

«5. Жүргүнчүлөрдү аба аркылуу ташууда ташуучу тарабынан аба кемесине билеттердин санын аба кемесиндеги орундардын санынан ашык сатууга жол берилбейт».

56) 138-беренеде:

а) кийинки мазмундагы 1-1 бөлүгү менен толукталсын:

«1-1. Бир эле аба кемесин эки же андан көп эксплуатанттын эксплуатантынын сертификатына эксплуатациялык спецификацияга бир убакта киргизүүгө жол берилбейт»;

б) 2 жана 3- бөлүктөрү күчүн жоготту деп табылсын;

в) 4-бөлүк кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«4. Экксплуатанттын сертификаты жок жалпы багыттагы авиациянын жеңил жана өтө жеңил аба кемесин жеке же юридикалык жак тарабынан пайдалануу шарттары Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде эскертилет».

57) 139-беренеде:

а) 2-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«2. Сертификациялоодо аба кемесинин эксплуатанты жарандык авиация органына кыргыз же орус тилиндеги ижара келишимин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күбөлөндүрүп, бардык зарыл документтерди тиркөө менен берет. Келишимде ижаранын түрү, аба кемени техникалык тейлөө шарттары, камсыздандыруу, учуулардын жана учуу эксплуатациясынын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик камтылууга тийиш»;

б) 3-бөлүгү күчүн жоготту деп табылсын.

58) 144-беренеде:

а) 1-бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда баяндалсын:

«1. Аба кемелерди акы пайдалануу менен колдонгон аба кеменин эксплуатанты аткарган авиациялык иштери жарандык авиация органы тарабынан берилген уруксаттын негизинде гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгерде, авиациялык иштер үчүн эксплуатацияланыла турган аба кеменин учууга жарактуулугунун жарактуу тастыктамасы бар, авиациялык персоналдын өз милдеттерин аткаруу үчүн зарыл күбөлүктөрү бар жана эксплуатанттын пландалган ишин жүзөгө ашырууда зыян келтирилиши мүмкүн болгон учурларын камсыздайт экендиги тууралуу тастыктамасы бар деген ырастамаларын алган учурда уруксат кайсы гана талапкерге болбосун (ата мекендик же чет өлкөлүк) берилет»;

б) 2- бөлүгү кийинки мазмуундагы жаңы редакцияда:

«2. Бардык авиациялык иштер Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине ылайык аткарылат».

59) 166-беренедеги «же эксплуатанты» деген сөздөрдөн кийин «аба кеме» деген сөздөр менен жана «аба кемесинин экипажына» деген сөздөрдөн кийин «коммерциялык эмес үргүнчү» деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж.30-август№7-8 (1292), 490-берене) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Өзгөчө бөлүгүнүн Жыйымдар. VI бөлүмү кийинки мазмуундагы 12-1 главасы менен толукталсын:

Бөлүм 12-1. Тастыктамалоо жол-жобосун жүргүзүү үчүн жыйымдар

47-1-берене. Төлөөчү

Кыргыз Республикасынын жарандык авиация тармагында тастыктамалоо жол-жобосунан өтүп жаткан жеке жана юридикалык жактар жыйымдын төлөөчүлөрү болуп саналат.

47-2-берене. Жыйымдын өлчөмү жана төлөө тартиби

Жыйымдын өлчөмү жана төлөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат».

2) Чегерүүлөр IX кийинки мазмуундагы 47-1 главасы менен толукталсын:

«Бөлүм 47-1. Жарандык авиация тармагын өнүктүрүүгө чегерүүлөр

Берене 133-1. Төлөөчү

Кыргыз Республикасынын Жарандык авиация уюмдары чегерүүлөрдүн төлөөчүлөрү болуп саналат.

Берене 133-2. Чегерүүлөрдүн өлчөмү

1. Аба кемелеринин эксплуатанттарынан чегерүүлөр эл аралык коммерциялык аба ташууларын аткарууда Кыргыз Республикасынын аэродромунан ар бир жөнөтүү үчүн аба кемесинин максималдуу учуу массасынын ар бир тоннасы үчүн бир эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө жүргүзүлөт.

2. Аэропорттордун эксплуатанттарынан чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын аэродромунан эл аралык коммерциялык аба ташууларын аткарууда жөнөтүлгөн ар бир жүргүнчү үчүн бир эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө жүргүзүлөт.

3. Аэронавигациялык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдөн чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын аэродромунан эл аралык коммерциялык аба ташууларын аткарууда аба кемесинин учуу жана конуу үчүн өзүнчө аба кемесинин максималдуу учуу массасынын ар бир тоннасы үчүн эсептик көрсөткүчтүн 0,5 өлчөмүндө жүргүзүлөт.

4. Кыргыз Республикасынын аэродромунан эл аралык коммерциялык ташууларды аткарууда май куюучу уюмдардан чегерүүлөр толтурулуучу отундун ар бир тоннасы үчүн эсептик көрсөткүчтүн үч өлчөмүндө жүргүзүлөт.

Берене 133-3. Төлөө тартиби жана мөөнөттөрү

1. Жарандык авиация тармагын өнүктүрүүгө чегерүүлөр квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт.

2. Чегерүүлөр жарандык авиация тармагын өнүктүрүүгө багытталат».

**3-берене**

Ушул Мыйзам он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

Кыргыз Репсубликасынын
Министрлер Кабинетине караштуу
Жарандык авиаиция мамлкеттик
агенттигинин директорунун Д.К. Бостонов «____»__________2023 ж.